УДК: 81-13(575.2)(04)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.60

Одокозова С.
БМУ

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ПИКИР АЛЫШУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Кыскача мазмуну**

Пикир алышуу - адамдын созиализацияланышынын, турмуш кечиришинин бирден-бир маанилүү куралы, ошондой эле, жашоодогу негизги муктаждыктарды канагаттандыруучу жана жөнгө салуучу каражат. Ошондуктан пикир алышууга болгон муктаждык негизги базалык муктаждыктардын катарына кирет. Ар бир кесиптин өзүнө мүнөздүү кесиптик пикир алышуу өзгөчөлүктөрү бар. Педагогикалык пикир алышуу – бул мугалим менен окуучунун жана алардын ата-энелери менен белгилүү бир педагогикалык жана тарбиялык максатты көздөгөн кесиптик пикир алышуусу. Пикир алыша билүү, ийгиликтүү кептик өнөктөш болуу – бул ар бирибиз үчүн жагымдуу жана пайдалуу. Бирок пикир алыша билүү бардык эле учурда жөн гана жагымдуу болбостон, турмуштук зарылдык болгон кесиптер да жок эмес. Мындай кесиптердин бири – мугалимдик кесип.

**Түйүндүү сөздөр:** пикир алышуу, педагогикалык пикир алышуу, пикир алышуу этикасы, сөз маданияты, муктаждык, жөнгө салуу, кесип, мугалим, окуучу, мамиле, ишмердик, жоопкерчилик, түшүнүү, билим берүү, окутуу, өнүктүрүү, инсан, калыптандыруу, уюштуруу, ыкма, каражат, жагымдуу жагдай, колдоо, маанай, аң-сезим.

Одокозова С.
БГУ им. К.Карасаева

# ОСОБЕННОСТИ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ОБЩЕНИЯ

**Аннотация**

Общение – один из важнейших инструментов социализации человека, способ его существования, удовлетворения и регуляции основных потребностей, главный канал взаимодействия людей. Поэтому потребность в общении относится к числу основных базовых потребностей. В каждой профессии имеется свои особенности общения. Педагогическое общение – это профессиональное общение учителя с учащимися, а также с их родителями, имеющее определенные педагогические и воспитательные цели.

**Ключевые слова: о**бщение, педагогическое общение, этика общения, культура речи, необходимость, регулировать, профессия, учитель, ученик, отношение, деятельность, ответственность, понимание, образование, обучение, развитие, личность,формирование, организация, способ, метод, средство,благоприятный климат, поддержка, настроение, сознание

Odokozova S.A
BSU named after K. Karasaev

# FEATURES OF PEDAGOGICFL CJMMUNICATION

**Abstract**

Communication is one of the most important tools of human socialization, a way of its existence, satisfaction and regulation of basic needs, the main channel of human interaction. Therefore, the need for communication is one of the basic needs. Each profession has its own characteristics of communication.Pedagogical communication is a professional communication of a teacher with students, as well as with their parents, which has certain pedagogical and educational goals.

**Keywords:** communication, pedagogical communication, ethics of communication, culture of speech, necessity, regulation, profession, teacher, student, attitude, activity, responsibility, understanding, education, training, development, personality, formation, organization, way, method, means, favorable climate, support, mood, consciousness

Пикир алышуу - адамдын социализацияланышынын, турмуш кечиришинин бирден-бир маанилүү куралы, ошондой эле, жашоодогу негизги муктаждыктарды канагаттандыруучу жана жөнгө салуучу каражат. Ошондуктан пикир алышууга болгон муктаждык негизги базалык муктаждыктардын катарына кирет.

Биздин жашообузда иштиктүү пикир алышуунун мааниси чоң экендиги талашсыз. Анткени ар бир адамдын өзүнүн алектенген иши бар. Ошондуктан иштиктүү пикир алышуу ишмердиктин бардык түрүн уюштуруучу ыкма болуп эсептелет.

Профессионалдуу (кесиптик) педагогикалык ишмердиктин негизинде педагогикалык пикир алышуу турат. Ошондуктан педагогикалык пикир алышуу кесиптик пикир алышуу катары каралат.

Педагогикалык пикир алышуу – бул мугалим менен окуучунун, ошондой эле, алардын ата-энелери менен белгилүү бир педагогикалык жана тарбиялык максатты көздөгөн кесиптик пикир алышуу. Педагогикалык пикир алышуунун жардамы менен окуучуларга билим берилип, көндүмдөр калыптанат жана алардын инсандык сапаттары өзгөрүп, өз ара бири-бирин түшүнүү жолго коюлат, көз караштары, жашоо тартиптери өзгөрөт. Тактап айтканда, пикир алышуу – бул адамдардын ортосундагы өз ара байланыш, карым-катыш. Мугалим окуучуга, ал эми окуучу мугалимге таасир этет.

Билим берүүнүн учурдагы өнүгүү этабында мектептеги мугалимдин ролу кескин өзгөрдү жана татаалдашты. Анткени акыркы мезгилдеги маалымат технологияларынын өнүгүп, жалпыга жеткиликтүүлүгү мугалимдин мурдагыдай негизги маалымат булагы болбой калышына алып келди. Маалыматтын жеткиликтүүлүгү окуучулардын өз алдынчалыгын, мобилдүүлүгүн өнүктүрүүгө шарт түздү. Бирок муну менен окуу-тарбия процессин уюштурууда мугалимдин ролу жокко чыгарылды дештен алыспыз. Анткени мугалимдин иши мурдагыдай эле маанилүү, тактап айтсак, мугалим менен окуучулардын өз ара алакасын уюштуруу, балдар менен пикир алышуу, алардын ишмердигин жетектөө, ошондой эле ар бир баланы таанып-билүү маанилүү бойдон кала берет. Муну эч ким жокко чыгарган жок. Окуучулар менен бетме-бет, жандуу пикир алышуу, алардын жан дүйнөсүнө аралашуу – такыр башка маселе. Ансыз окуу-тарбия процессин уюштуруу мүмкүн эмес. Анткени биз роботторду эмес, тирүү адамдарды (жан дүйнөсү менен)

тарбиялайбыз. Ошондуктан окутуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуунун бирден бир жолу – бул мугалим менен окуучунун ортосундагы педагогикалык мамиле түзүү. Мында мугалим менен окуучунун тил табыша билүүсү, чоң мааниге ээ. Окуучулардын билимге болгон умтулуусун, каалоосун пайда кылуу мугалимдин мамилесинен, мугалим менен окуучунун ортосундагы мамиледен көз каранды. Белгилүү совет педагогу В.А. Сухомлинский «Окутуу, үйрөтүү – бул билим берүүнүн механикалык түрү эмес, ал адамдардын бири-бирине болгон эң татаал мамилеси» [5.61-б.] - деп абдан туура белгилеген. Демек, педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугу түздөн-түз педагогикалык мамилеге байланыштуу болот.

Социологдордун болжолдуу берген маалыматтарына таянып, бүткүл дүйнө жүзүндөгү адамдар 50 000 ден ашык ар кандай кесиптер менен алектенишет. Ошол кесиптердин арасынан бирден-бир байыркы кесип - мугалимдик кесип. Келечек муундарга билим берүү, балдарды турмушка даярдоо мугалимдик кесипке тиешелүү иш-аракет экендиги белгилүү. Мугалимдик кесип өтө көп эмгекти талап кылат, ошондуктан чыныгы мугалим болуш үчүн «Мугалим болуп төрөлүү керек» деп бекеринен айтылбайт.

Мугалим менен окуучунун ортосундагы мамиленин жана пикир алышуунун өтө татаал процесс экендигин төмөндөгү А.С.Макаренконун түшүндүрмөсүнөн ачык көрө алабыз: «…балдар менен болгон өз ара педагогикалык мамиледе майда нерсе катары каралган: сүйлөгөнүң, караганың, каш-кирпигиңдин кыймылы, кол шилтегениң, баш ийкегениң, кыскасы, баарынын өз кызматы бар. Себеби биз окуучулар менен жөн эле мамиледе эмес, адис катары мамилелеш болуп жатабыз. Мугалим менен окуучунун мамилеси - илгертеден келип жеткен табылга. Окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда педагогикалык мамиленин орду чоң. Мугалим өзүнүн үзүрлүү эмгегинде мамилелешүүнүн жагымдуу психологиялык климатын жана инсанга туура мамиле түзө билүүнүн жолун билүүсү керек. Балдарга карата айтылган пикир, олуттуу сөз чоң мааниге ээ жана уюштуруу иштерибиздеги катачылыктардын көбү алар менен туура мамиле түзө албагандыгыбызда. Айткандарыңдан, сөздөрүңдөн сенин сүрүң, эркиң, маданиятың, инсандык жүзүң сезилип турсун. Буга үйрөнүү керек» [3.276-б.].

Белгиленгендей, окутуу процессинде көп учурда маани бербеген ар бир кыймыл-аракет, мугалимдин сүйлөө маданияты, кептин көркөмдүүлүгү, уккулуктуулугу, сылыктыгы сабактын жүрүшүнө түздөн-түз таасир этери талашсыз.

Психологиялык-педагогикалык адабияттарда натыйжалуу педагогикалык ишмердикти уюштуруу үчүн мугалимдердин коммуникативдик компетенциялары маанилүү экендиги баса белгиленип келет. Анткени педагогикалык ишмердиктин тажрыйбалары көрсөткөндөй, педагогикалык ишмердикте педагог үчүн илимдин негиздери боюнча, окутуу жана тарбиялоо методикасы боюнча гана билимдүү болуу жетишсиз, бул аталган билимдер милдеттүү түрдө педагогдун педагогикалык пикир алышууну уюштуруу жөндөмдөрү менен бекемделиши керек. Ошондуктан педагогикалык пикир алышуу профессионалдык категория катары каралат.

Педагогикалык пикир алышуу – бул педагогикалык ишмердиктин негизи болгондуктан, профессионалдык педагогикалык пикир алышуунун өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү зарыл. Алардын катарына төмөндөгү маанилүү учурларды киргизсек болот:

- педагогикалык пикир алышуу ар дайым үйрөтүүчү, өнүктүрүүчү, тарбиялоочу мүнөзгө ээ;

- педагогикалык пикир алышуу ар дайым пикир алышуучу тараптардын инсандык өнүгүшүнө жана алардын өз ара алакасынын өнүгүшүнө багытталат;

- педагогикалык пикир алышуу – бул динамикалуу процесс, анткени балдардын жаш курагын эске алуу менен педагогдун жана пикир алышуудагы балдардын позициясы аныкталат, муну менен катар, пикир алышуу ыкмалары, каражаттары да аныкталат;

- педагогикалык пикир алышуу – бул окуу-тарбия милдеттерин чечүүнүн маанилүү каражаты;

- педагогикалык пикир алышуу процессинде педагог менен окуучунун ортосундагы бирин-бири таануу процесси ишке ашырылат;

- педагогикалык пикир алышуу бир гана окуучу менен мугалимдин ишмердигин жөнгө салбастан, педагог менен ата-энелердин, ошондой эле, педагогдордун биргелешкен ишмердигин да жөнгө салат.

Белгилүү советтик жана россиялык лингвист А. А. Леонтьев «оптималдуу педагогикалык пикир алышуу» түшүнүгүн негиздеген. Оптималдуу педагогикалык пикир алышуу маселеси советтик педагогиканын классиктеринин окутуу жана тарбиялоо процессиндеги бирден бир маанилүү иш катары каралган. Мунун мааниси - окуу процессинде мугалимдин адамдык сапатын максималдуу колдонуу. Муну менен окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн шыктандырууга жана окуу процессиндеги жагымдуу климатты түзүүгө жетишүүнү камсыз кылууга умтулушкан. Ал оптималдуу педагогикалык пикир алышуу үчүн төмөндөгү жөндөмдөрдүн зарыл экендигин белгилеген:

-жүрүм-турумущду башкара билүү жөндөмү;

- көңүл буруунун сапаты;

- адамдын жүзүнөн анын абалын баамдоо жөндөмү;

- окуучунун сырткы белгилери аркылуу анын инсандык сапатын туура аныктоо жөндөмү;

- пикир алышуу жөндөмү же психологиялык жактан өз кебиңди оптималдуу түзүү жөндөмү;

- окуучу менен вербалдык жана бейвербалдык байланыш, мамиле түзүү жөндөмү [2.47-б.].

Ошентип А. А. Леонтьев педагогикалык пикир алышууну мугалим менен окуучунун сабак учурундагы жана сабактан тышкаркы мезгилдеги профессионалдык пикир алышуусу экендигин,

муну менен катар, педагогикалык пикир алышуу белгилүү бир педагогикалык функцияны аткарып, жагымдуу психологиялык климаты түзөрүн, окуу ишмердигин жана мугалим менен окуучунун ортосундагы мамилени психологиялык жактан оптимизациялай тургандыгын баса белгилейт.

Кылымдардан бери топтолгон тажрыйбанын негизинде жыйынтык чыгарсак, мугалим өзүнүн талаптарынын мазмунуна гана көңүл бурбастан, ошол эле мезгилде анын формасы жана аны тартуулоонун тону жөнүндө да ойлонушу керек. Мектеп ичинде айтылган ар бир сөз терең ойлонулуп, максатка ылайык акылмандыкты камтып, кимдир бирөөгө карата (конкреттүү адамга) туура багытталышы жөндүү. Ылайыксыз куру сөздүүлүктөн качуу керек, муну менен айтылган ар бир сөздүн баасы жогорулап туруусу зарыл. Туура айтылган жана туура багытталган сөз адамды шыктандыра тургандыгын эстен чыгарбоого тийишпиз. Анткени туура эмес айтылган сөз окуучунун назик жан дүйнөсүнө тийген таяк болуп, өмүр бою кетпес так калтырат. Мындай жагдай окуучунун жан дүйнөсүндөгү боштукту, кайдыгерликти жаратат. Сөз, эгерде тарбиячынын чын ниетинен айтылса, акыйкат болсо, жан дүйнөнү оорутпаса өспүрүм баланынын жан дүйнөсүн коргойт. Ошондуктан окуу-тарбия процессиндеги жаңы технологиялар тыкыр иштелип чыккан педагогикалык пикир алышуунун негизинде гана ишке ашарына ынанбай коюуга болбойт.

Педагогикалык пикир алышуу – бул өзүнүн жеке өзгөчөлүктөрүнө ээ пикир алышуунун спецификалык формасы, бирок ошол эле мезгилде ал жалпы психологиялык мыйзам ченемдерине таянат. Анткени кадимки пикир алышуу сыяктуу эле ал да коммуникативдик, интерактивдик жана перцептивдик компоненттерди камтыйт. Мына ушул компоненттердин негизинде педагогикалык пикир алышуунун функциялары аныкталат.

## Адабияттар


1. Бородина О.В. Этика педагогического общения. /Уч.пособие / О.В. Бородина.Ч. 2 ; – Липецк: ЛГПУ им. П.П. Семенова-Тян-Шанского, 2016.
2. Леонтьев А. А. Педагогическое общение. –М., 1979.
3. Макаренко А.С. Педагогические сочинения. – М., 1984, 3т. С.276.
4. Рыданова И.А. Основы педагогики общения: /Уч.пособие. -Минск, 1998.
5. Сухомлинский В.А. Избранные педагогические сочинения: в 3 т., – М.,1979.
6. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Б., 2009.
7. Кадырова Т. Мугалимдин педагогикалык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун жолдору. БМУ жарчысы, №3. –Б., 2018. 313-б.